•БИШКЕК ШААРЫНЫН
МЕРИЯСЫНЫН БИЛИМ
БЕРҮҮ БАШКАРМАСЫ
•МЕКЕМЕ ИНН 01112200010112
•КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ •

**БЕКИТЕМИН:**

**Бишкек ш.,
мэриясынын
Билим берүү
Башкармалыгынын
Башчысы
О.А.Брызгалова
№182 «16» апрель
2012-ж.**

# «Бишкек ш., №31 Мектеп-гимназиясы» жалпы билим берүү мекемесинин УСТАВЫ

**«Бишкек ш., №31 Мектеп-гимназиясы» жалпы билим берүү мекемесинин**

# УСТАВЫ

## I .Жалпы жоболор

1.1. «Бишкек ш., №31 Мектеп-гимназиясы» жалпы билим берүү мекемеси (мындан ары - Гимназия) баштапкы жалпы, негизги жалпы жана орто билим жалпы билим берүү программаларын окутууну ишке ашыруучу муниципалдык жалпы билим берүү мекемеси болуп саналат.

1.2. Гимназиянын түзүүчүсү болуп саналат:

а) "Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы" мекемеси

1.3. Жалпы билим берүү мекемесинин уюштуруучулук-укуктук формасы – муниципалдык жалпы билим берүү мекемеси. Түрү: жалпы билим берүү мекемеси. Түрү: гимназия

1.4. Гимназия өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде: КР Конституциясы, Баланын укуктары жөнүндө конвенция, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Президенттин буйруктары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору, Жалпы билим берүү мекемелери жөнүндөгү Типтик жоболор, Бишкек ш., Билим берүү башкармалыгынын буйруктары, башка ченемдик актылар жана ушул Устав менен иш алып барат.

1.5. Гимназия чектелбеген мөөнөткө түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өтөт.

1.6. Гимназиянын толук аталышы:

Расмий тилде – **Общеобразовательное учреждение "Школа-гимназия №31 г.Бишкек".**

Мамлекеттик тилде – **"Бишкек ш., №31 мектеп-гимназия жалпы билим берүү мекемеси".**

**1.7.** Гимназиянын юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Павлов көч., 14

## II. Укуктук статусу

2.1. Гимназия финансылык-чарбалык жана укуктук өз алдынчалыкка, обочолонгон мүлккө, өз алдынча балансare, мамлекеттик жана расмий тилдердеги аталышы менен мөөр, штамптарга жана бланктарга, казначей уюмдарында жана башка финансылык-насыялык мекемелерде эсеп, эсептик жана жеке эсептерге ээ болгон юридикалык жак болуп саналат.

2.2. Мүлк Гимназияга ыкчам башкаруу укугунда бекитилген, ага карата Гимназия Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык ээлик укугун, пайдалануу жана башкарууну ишке ашырат.

Гимназиянын мүлкүнүн курамына кириши мүмкүн: негизги каражаттар, ээлеген имарат, жабдуулар, инвентарь, жер участоктору жана башка мүлк.

2.3. Гимназия акча каражаттарына, мүлк жана ага жеке жана юридикалык жактар тарабынан белек, кайрымдуулук катары берилген же мураска калтыруу аркылуу берилген менчиктин башка обьектилерине, ошондой эле Гимназиянын өзүнүн ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешелерге, ушул кирешелерге сатып алынган обьектилерге менчик укугуна ээ.

2.4. Гимназия тиешелүү органдын макулдугу менен мыйзамга ылайык ага бекитилген мүлктү ижарага берүүгө укуктуу. Ижарага берилген мүлктөн түшкөн киреше уставдык максаттар үчүн колдонулат.

2.5. Гимназия мыйзам тарабынан каралган бардык жарандык- укуктук келишимдерди ишке ашырууга, сотто доогер жана жоопкер болууга, башка милдеттерге жана укуктарга ээ болууга укуктуу.

2.6. Гимназиянын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте жана учурларда аттестацияланууга жатат.

2.7. Түзүүчү Гимназиянын милдеттемелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте жана чектерде жоопкерчиликтүү болот.

## III. Гимназиянын ишмердүүлүгүнүн предмети жана максаттары

3.1. Гимназиянын негизги максаты окуп жаткандардын өздүгүнүн жалпы маданиятын жалпы билим берүү программаларын камсыздоонун милдеттүү минимумун өздөштүрүүнүн негизинде калыптандыруу, аларды коомдун жашоосуна ыңгайлаштыруу, аң-сезимдүү тандоо үчүн негиз түзүү жана андан кийин кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү жана жарандуулукту тарбиялоо болуп саналат.

3.2. Гимназиянын ишмердүүлүк предмети баштапкы жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруу болуп эсептелет.

## IV. Ишмердүүлүктүн негизги принциптери

4.1. Гимназия төмөндөгү принциптердин негизинде иштейт:

- Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын сапаттуу билим алууга болгон укуктарынын тең укуктуулугу;

- мамлекеттик билим берүү стандарттардын аткаруу;

- билим берүүнүн натыйжалуу системасын түзүү;

- жалпы билим берүү мекемесинин финансылык автономиясын камсыздоо;

-мамлекеттик финансылык ресурстарды рационалдуу пайдалануу;

- жалпы билим берүү мекемелерин каржылоонун бирдиктүү стандарттык нормативдеринин негизинде 1 окуучуга эсептөө менен бюджеттик каржылоону камсыздоо;

- билим берүү процессинин үзгүлтүксүздүгү жана системалуулугу;

- ар бир жарандын мамлекеттик жана муниципалдык окуу мекемелеринде баштапкы жана негизги билим берүү, жалпы орто билимди милдеттүү түрдө жана акысыз алышы;

- кирешелери өз алдынча баланста эсептелген кошумча билим берүүгө акы төлөнүүчү кызматтарды жана башка кызматтарды көрсөтүүдөн алынган кирешелерди башкаруунун өз алдынчалыгы;

- жалпы билим берүү мекемелеринин бардык финансылык ишмердүүлүгүнө коомдук-мамлекеттик көзөмөл жүргүзүү үчүн айкындуулук жана жеткиликтүүлүк;

## V. Укуктар жана милдеттер

**5.1.** Тапшырмаларды аткарууга жетишүү үчүн өзүнүн милдеттерин аткарууда Гимназия укуктуу:

- чыгымдардын сметаларын өз алдынча иштеп чыгуу жана бекитүү жана ага ылайык аларды өзгөртүүлөрдү дагы;

- өзүнүн материалдык-техникалык, финансылык жана кадр ресурстарын өз алдынча пайдаланууга;

- жалпы билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мыйзамдын талаптарына ылайык билим берүү процессин уюштурууга;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик билим берүү программаларынын, базалык окуу планынын негизинде окутуу программаларын иштеп чыгууга, кабыл алууга жана ишке ашырууга;

- жалпы билим берүү программаларын ишке ашырууну камсыздоого;

- Гимназияга кабыл алууга тартипти орнотууга:

а) баштапкы жалпы жана негизги жалпы билим берүүнүн баскычында ошол аймакта жашап жаткан бардык окутууга жаткан жана негизги жалпы билим алууга укуктуу болгон адамдарды (ошол аймакта жашабагандарга мекемеде бош орундар жок болгон учурда гана баш тартылышы мүмкүн) кабыл алуу;

b) айрым сабактарды тереңдетип окуткан гимназия-мектептин жогорку класстарына орто (жалпы) жалпы билим алуу үчүн – конкурстук негизде кабыл алуу. Конкурстун шарттары Гимназия тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет;

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптарына ылайык окуучуларды мезгил аралык аттестациялоонун баа коюу, формалар, тартип жана мезгилдүүлүк системаларын тандоодогу өз алдынчалык;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жөнгө салуучу актыларынын негизинде бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу аттестация жүргүзүүгө, билиминин деңгээли тууралуу Гимназиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн мамлекеттик үлгүдөгү документти берүү;

- кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу жана негизги жалпы билим берүү программаларынын статусун, анын ичинде (кошумча билим берүү кызматтарынын, анын ичинде акы төлөнүүчү кызматтардын түрлөрү жана формалары) билим берүү процессин жана имараттарды кароону камсыздоо үчүн зарыл болгон кызматтар;

- түзүүчүнүн демилгеси боюнча финансы ресурстарды рационалдуу пайдалануу үчүн билим берүү процессин оптималдаштыруу максатында филиалдарды түзүү же жоюу;

- улуттук, мамлекеттик программаларды ишке ашырууга катышууга;

- мамлекеттик башкаруунун жогорку органдарына жана кызмат адамдарына жалпы билим берүү жаатындагы ишмердүүлүктү уюштуруу жана жакшыртуу маселелери боюнча сунуштарды киргизүүгө;

- ассоциацияларга жана башка коомдук уюмдарга, анын ичинде эл аралык уюмдарга кирүүгө, алардын ишмердүүлүгүнө катышууга;

- ассоциацияларды, биримдиктерди жана башка уюмдарды, анын ичинде билим берүүнү өнүктүрүү жана жакшыртуу максатында мекемелердин, ишканалардын жана коомдук уюмдардын катышуусу менен түзүүгө катышууга;

5.2. Гимназия камсыздоого милдеттүү:

- жалпы билим берүүнүн сапаты жана анын мамлекеттик билим берүү стандарттарына дал келүүсү;

- билим берүү процессин уюштуруудагы колдонулуучу формалар, ыкмалар жана каражаттардын куректык психологиялык өзгөчөлүктөргө, шыкка, жөндөмдүүлүктөргө, кызыкчылыктарга, окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо талаптарына карата адекваттуулугу;

- санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо;

- билим берүүнүн аралаш деңгээлдеринин ортосундагы өз ара аракеттенишү жана салт улоочулук;

- сергек жашоо мүнөзүнө үгүттөө жана окуучуларды санитардык-гигиеналы тарбиялоо.

5.3. Окуучуларга карата физикалык жана психикалык зомбулук ыкмалары колдонууга жол берилбейт.

5.4. Гимназияда саясий партияларды, коомдук-саясий, диний кыймылдарды жана уюмдарды түзүүгө жана алардын ишмердүүлүгүнө жол берилбейт.

5.5. Окуучуларды, тарбиялануучуларды коомдук, коомдук-саясий уюмдарга, кыймылдарга жана партияларга кирүүгө мажбурлоого, ошондой эле аларды ушул уюмдардын ишмердүүлүгүнө тартууга жана үгүт кампанияларына жана саясий акцияларга катышууга тартууга жол берилбейт.

## VI. Билим берүү процесси

6.1. Гимназияда окуу мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт. Мектеп окуучуларга окутуунун тилин тандоо үчүн мүмкүнчүлүктү камсыздайт.

6.2.Биринчи класска 6 жаштан баштап, бирок 7 жаштан ашпаган балдар ата-энелердин (алардын ордун алмаштырган адамдардын) каалоосуна жараша кабыл алынат.

6.3. Гимназияга окутуу жана тарбиялоо үчүн кабыл алуу буйрук менен ишке ашырылат. Кабыл алуу процедурасыГимназияга кабыл алуунун Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү мыйзамына карама-каршы келбеген эрежелери менен жөнгө салынат.

6.4. Гимназия жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык билим берүүнүн үч баскычында билим берүү процессин ишке ашырат:

1-баскыч – баштапкы билим берүү (4 жыл) 1-4-класстар;

Баштапкы жалпы билим берүү окуучуларды өнүктүрүүнү, алардын окуу, жазуу, эсептөө, окуу ишмердүүлүгүнүн негизги ыкмаларына жана тажрыйбаларына, жеке гигиенанын негиздерине жана сергек жазоо мүнөзүнө ээ болуусун камсыздайт. Баштапкы жалпы билим берүү негизги жалпы билим алуу үчүн база болуп саналат. Милдеттүү сабактарга кошумча катары окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) тандоосу боюнча адамдын кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга багытталган сабактар киргизилиши мүмкүн.

2-баскыч – негизги жалпы билим берүү (5 жыл) 5-9-класстар;

Негизги жалпы билим берүү окуучуларга негизги жалпы билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүрүүнү, окуучунун өздүгүнүн, анын социалдык

b) айрым сабактарды терендетип окуткан гимназия-мектептин жогорку класстарына орто (жалпы) жалпы билим алуу үчүн – конкурстук негизде кабыл алуу. Конкурстун шарттары Гимназия тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет;

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарына ылайык окуучуларды мезгил аралык аттестациялоонун баа коюу, формалар, тартип жана мезгилдүүлүк системаларын тандоодогу өз алдынчалык;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жөнгө салуучу актыларынын негизинде бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу аттестация жүргүзүүгө, билиминин деңгээли тууралуу Гимназиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн мамлекеттик үлгүдөгү документти берүү;

- кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу жана негизги жалпы билим берүү программаларынын статусун, анын ичинде (кошумча билим берүү кызматтарынын, анын ичинде акы төлөнүүчү кызматтардын түрлөрү жана формалары) билим берүү процессин жана имараттарды кароону камсыздоо үчүн зарыл болгон кызматтар;

- түзүүчүнүн демилгеси боюнча финансы ресурстарды рационалдуу пайдалануу үчүн билим берүү процессин оптималдаштыруу максатында филиалдарды түзүү же жоюу;

- улуттук, мамлекеттик программаларды ишке ашырууга катышууга;

- мамлекеттик башкаруунун жогорку органдарына жана кызмат адамдарына жалпы билим берүү жаатындагы ишмердүүлүктү уюштуруу жана жакшыртуу маселелери боюнча сунуштарды киргизүүгө;

- ассоциацияларга жана башка коомдук уюмдарга, анын ичинде эл аралык уюмдарга кирүүгө, алардын ишмердүүлүгүнө катышууга;

- ассоциацияларды, биримдиктерди жана башка уюмдарды, анын ичинде билим берүүнү өнүктүрүү жана жакшыртуу максатында мекемелердин, ишканалардын жана коомдук уюмдардын катышуусу менен түзүүгө катышууга;

5.2. Гимназия камсыздоого милдеттүү:

- жалпы билим берүүнүн сапаты жана анын мамлекеттик билим берүү стандарттарына дал келүүсү;

- билим берүү процессин уюштуруудагы колдонулуучу формалар, ыкмалар жана каражаттардын курактык психологиялык өзгөчөлүктөргө, шыкка, жөндөмдүүлүктөргө, кызыкчылыктарга, окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо талаптарына карата адекваттуулугу;

- санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо;

жактан өзүн табуусуна болгон жөндөмүнүн, кызыкчылыктарынын, шыгынын түптөлүүсү жана калыптануусун камсыздайт. Милдеттүү сабактарга кошумча катары окуучулардын өзүнүн тандоосу боюнча адамдын кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга багытталган сабактар киргизилиши мүмкүн. Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суроо-талаптарына жараша тиешелүү шарттар жана мүмкүнчүлүктөр болгон учурда, Гимназияда 8,9-класстарга профилдер жана багыттар боюнча профиль астындагы окутуу киргизилиши мүмкүн. Негизги жалпы билим берүү орто (толук) жалпы билим берүү, баштапкы жана орто кесиптик билим алуу үчүн база болуп саналат.

3-баскыч – орто билим берүү (2 жыл) 10-11-класстар;

Орто (толук) жалпы билим берүү окуучуларга орто (толук) жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүнү, туруктуу таанып-билүү кызыкчылыктарын жана окуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн, окутууну дифференциациялоонун негизинде өз алдынча окуу ишмердүүлүгүн калыптандырууну камсыздаган жалпы билим берүү даярдыгынын жыйынтыктоочу баскычы болуп саналат. Милдеттүү сабактарга кошумча окуучулардын өзүнүн тандоосу боюнча адамдын кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга багытталган сабактар киргизилиши мүмкүн. Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суроо-талаптарына жараша тиешелүү шарттар жана мүмкүнчүлүктөр болгон учурда, мектеп-гимназияда профилдер жана багыттар боюнча окутуу киргизилиши мүмкүн. Орто (толук) жалпы билим берүү, баштапкы кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим алуу үчүн база болуп саналат.

Жалпы билим берүүнүн мазмуну Гимназия тарабынан мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде өз алдынча иштелип чыккан, бекитилген жана ишке ашырылган программалары менен аныкталат.

6.5. Жалпы билим берүүнү уюштуруу Гимназияда сабактардын ырааттамасына ылайык базалык окуу планынын негизинде курулат. Ошол эле учурда Гимназия график боюнча иштейт.

1-баскыч – беш күндүк окуу жумалыгы.

2-баскыч – алты күндүк окуу жумалыгы.

3-баскыч - алты күндүк окуу жумалыгы.

6.6. 1-11-класстарда академиялык сааттын узактыгы – 45 мүнөт. Сабактардын ырааттамасы окуучулардын эс алуусу жана тамактануусу үчүн жетиштүү тыныгууну карашы керек.

6.7. Ар бир класстагы жыйынтыктоочу жүк массалык мектептердин окуучулары үчүн жол берилген максималдуу милдеттүү жүк болуп саналат.

Жеке пландар боюнча окутуу окуучулардын, алардын ата-энелеринин же алардын ордун алмаштыруучу адамдардын каалоосу боюнча ишке ашырылат. Гимназияда жалпы билим берүү программалары күндүзгү формада өздөштүрүлөт.

6.8 Гимназиядагы класстардын саны окуучулардын саны жана санитардык нормаларды эске алуу менен билим берүү процессин ишке ашыруу үчүн түзүлгөн шарттардан көз каранды. Класстардын жана узартылган күндүн топторунун толукталышы 1-7 класстарда 30дан ашык эмес, 8-9-класстарда 25 окуучу, 10-11-класстарда 20 окуучудан белгиленет. Кыргыз жана чет тилдер боюнча 5-11-класстарда, ИЭТН боюнча 8-11-класстарда сабак өтүүдө класстар, 1-7-класстарда 30 окуучу, 8-9-класстарда 25 окуучу, 10-11-класстарда 20 окуучу жана андан көп болсо 2 топко бөлүнөт. Зарыл болгон каражаттар болгон учурда топтор азыраактан топтолушу мүмкүн.

Гимназия окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) каалоосу боюнча акы төлөнүүчү негиздеги топторду, Гимназияга окуучуларды даярдоо боюнча топторду ачууга укуктуу.

6.9. Гимназиядагы окуу жылы 1-сентябрдан башталат. Биринчи класстагы окуу жылынын узактыгы 33 жума, 2-4-класстарда – 34 жума, 5-11-класстарда сынак алуу мезгилин эске алганда 35 жума. Окуу жылынын ичиндеги каникулдардын узактыгы 30 календардык күн, жайында 8ден кем эмес календардык жума, 1-класстардын окуучулары үчүн кошумча жумалык каникулдар белгиленет.

Жылдык окуу-календардык график Гимназиянын Директорунун буйругу менен Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы менен макулдашуу аркылуу бекитилет.

6.10. Мезгил аралык аттестациядашы баалардын системасы, анын формасы, тартиби жана мезгилдүүлүгү мектеп-гимназия тарабынан өз алдынча белгиленет. Окуучулардын класстык-сабактык системадагы билимдери баллдар (баалар) менен бааланат:

5 (эң мыкты);

4 (жакшы);

3 (канааттандыраарлык);

2 (канааттандыраарлык эмес).

Көчүрүлүүчү класстардагы мезгил аралык аттестация тестирлөө, өтүм, көчүрүү боюнча сынак (оозеки жана жазуу жүзүндө), контролдук иш түрүндө өткөрүлүшү мүмкүн. Мезгил аралык аттестациянын конкреттүү формасы жана өткөрүү тартиби Педагогикалык кеңеш тарабынан аныкталат жана Мезгил аралык аттестация жөнүндө Жобо менен жөнгө салынат.

Биринчи жана экинчи баскычтагы окуучулар үчүн ар бир чейректин аягында бардык окуу сабактары боюнча чейректик баалар коюлат, 1-класстардын окуучулары биринчи жарым жылдыкты аяктаганда аттестацияланбайт, аттестация үчүнчү жана төртүнчү чейректе жүргүзүлөт. Үчүнчү баскычта окугандар жарым жылдыктар боюнча аттестацияланат.

Жалпы билим берүү программаларын толук көлөмдө өздөштүргөн окуучулар кийинки класска көчүрүлөт. Кийинки класска жылдын жыйынтыктары боюнча бир сабак боюнча академиялык карызы болгон окуучулар шарттуу көчүрүлүшү мүмкүн. Баштапкы, жалпы жана негизги жалпы билим берүү баскычтарында окуган жана эки же андан көп сабактар боюнча карызы бар окуучулар кайтадан окууга калтырылат. Окуучуну көчүрүү кандай болгон учурда дагы педагогикалык Кеңештин чечими боюнча жүргүзүлөт. Жалпы билим берүү программасын өздөштүрбөгөн окуучулар жалпы билим берүүнүн кииийнки баскычына киргизилбейт.

6.11. Гимназия окуучунун жана анын ата-энелеринин (же башка өкүлдөрүнүн) каалоосу боюнча жалпы билим берүү программаларын же өзүнчө бөлүмдөрдү үй-бүлөлүк билим берүү, өз алдынча билим алуу, экстерн түрүндө өздөштүрүүгө көмөктөшөт.

6.12. Гимназиянын башкаруу органынын (Педагогикалык кеңештин) чечими жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары жана жашы жетелектердин иштери боюнча комиссиялар менен макулдашуунун негизинде мыйзамга каршы аракеттерди жасоо, Гимназиянын Уставын одоно жана бир канча жолу бузгандыгы үчүн 15 жашка толгон окуучуну педагогикалык таасир этүүнүн акыркы чеги катары Гимназиядан чыгарууга жол берилет.

Бир канча жолу тартип бузуу катары Гимназиянын директору тарабынан эреже катары кайталанган, тартипти одоно бузгандыгы үчүн эки же андан көп жолу тартип боюнча жаза алган окуучунун кылган иштери түшүнүлөт. Тартипти одоно бузуу катары төмөндөгүдөй оор кесепеттерге алып келген же алып келиши мүмкүн болгон тартип бузуулар эсептелет:

- Окуучулардын, кызматкерлердин, Гимназияга келгендердин өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирүү;
- Гимназиянын, окуучулардын, кызматкерлердин, Гимназияга келгендердин мүлкүнө зыян келтирүү.

Окуучу жана анын ата-энелери (алардын ордун алмаштыруучулар) материалдык зыянды Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык төлөп беришет.

Жетим жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) багуусу жок калган балдарды чыгаруу тууралуу чечим тиешелүү камкорчу жана багуу органдары менен алдын ала макулдук менен кабыл алынат.

Окуучуну чыгаруу тууралуу педкеңештин чечими Гимназиянын директорунун буйругу менен түзүлөт. Окуучуну чыгаруу тууралуу Гимназиянын директору жергиликтүү өзүн өзү башкаруунун тиешелүү органдарына үч күндүк мөөнөт менен маалымдайт. Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары окуудан чыгарылган баланын ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен биргеликте аны ишке орноштурууну же окуусун башка билим берүү мекемесинде улантууну камсыздаган чараларды көрүшөт. Окуудан чыгаруу процедурасы Кыргыз Республикасынын мыйзамына карама-каршы келбеген Гимназиянын окуучуларын сыйлоо, жазалоо тууралуу эрежелери менен жөнгө салынат.

6.13. Негизги жалпы жана орто жалпы биим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн милдеттүү жыйынтыктоочу аттестациясы менен аягына чыгарылат. Гимназиянын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестация Кыргыз Республикасынын мыйзамынын Кыргыз Республикасынын мектеп бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндөгү талаптарына ылайык ишке ашырылат.

Гимназиянын бүтүрүүчүлөрүнө алар жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин билиминин деңгээли тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документ же алынган баштапкы кесиптик билими тууралуу Гимназиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн күбөлүк берилет. Орто жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөр өзгөчө үлгүдөгү күбөлүктөрдө жана аттестаттарды алышат.

6.14. Гимназия окуучулардын өзүнчө контингентине Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын БИМде сабактан тышкары учурларга бекитилген кошумча билим берүү кызматтарын акысыз негизде көрсөтөт.

6.15. Гимназия окуучулардын ата-энелеринин каалоосу боюнча бекитилген окуу планы боюнча кошумча акы төлөнүүчү ар кандай билим берүү кызматтарын көрсөтө алат.

6.15. Гимназиядагы класстардын саны класстардын санитардык жана толтуруунун чектелген нормаларын эске алуу менен жарандардын берилген арыздарына жараша болот.

6.16. Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (алардын ордун алмаштыруучу адамдардын) кызыкчылыктарын эске алуу менен түзүүчү менен макулдашуунун негизинде Гимназияда бюджет же келишимдик негизде бөлүнгөн каражаттардын чегинде даярдоочу класстар (мамлекеттик, расмий тилдерди билбегендер үчүн жана\же даярдалбаган балдар үчүн), коррекциялоочу топтор ачылышы мүмкүн.

6.17. Гимназиянын окуучуларын акысыз медициналык тейлөө саламаттык сактоонун атайы бекитилип берилген мекемеси (медициналык кызматкерлери) менен камсыздалат, алар администрация жана педагогикалык кызматкерлер менен катр дарылоо-алдын алуу иш-чараларын өткөрүүгө, санитардык-гигиеналык нормалардын сакталышына, окуучулардын тамактануу режими жана сапаты үчүн жоопту болушат.

6.18. Гимназияда окугандардын тамак-ашын уюштуруу мектеп ашканасы (атайы типтик бөлмө) аркылуу ишке ашырылат.

## VII. Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери

7.1. Гимназиядагы билим берүү процессинин катышуучулары окуучулар, Гимназиянын педагогикалык кызматкерлери, окуучулардын ата-энелери (алардын ордун алмаштыруучу адамдар) болуп саналышат.

7.2. Гимназияга кабыл алуу тартиби Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамы жана ушул Устав менен аныкталат.

7.3. Гимназия окууга кирип жаткан баланы жана анын ата-энесин (алардын ордун алмаштыруучу адамдарды) Устав жана билим берүү процессин уюштурууну жөнгө салуучу башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

7.4. Окуучулардын, алардын ата-энелеринин (алардын ордун алмаштыруучу адамдардын) укуктары жана милдеттери Гимназиянын Уставы тарабынан Жалпы билим берүү мекемелери жөнүндөгү Типтик жобонун негизинде аныкталат.

7.5. Гимназияда окугандар буларга укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамында аныкталган көлөмдө акысыз жалпы орто билим алууга;

- билим берүү формасын тандоого: күндүзгү, сырттан, экстернат жана үй-бүлөлүк билим берүү;

- жеке окуу программалары боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында окутуунун тездетилген курсуна окутуу. Жекече окуу программалары боюнча окутуунун шарттары Гимназиянын Уставы жана ага ылайык кабыл алынган жоболор тарабынан жөнгө салынат:

- Гимназиянын китепканасынын китепкана –маалыматтык ресурстарын пайдалануу;

- кошумча (акы төлөнүүчү) билим берүү кызматтарын алуу;

- Гимназияны башкарууга Уставда белгиленген формада катышуу;

- адамдык ар-намыс, абийир эркиндиги жана маалыматты урматтоого, өз көз караштарын жана ишенимдерин эркин билдирүүгө. Окуучуга карата физикалык жана психикалык зомбулуктун ыкмаларын колдонууга жол берилбейт.

7.6. Билим берүү программаларын толук көлөмдө өздөштүргөн окуучулар кийинки класска которулат.

7.8. Окуучулар Гимназиянын Уставын аткарууга, ак пейилдик менен окууга, анын мүлкүнө аяр мамиле кылууга, башка окуучулардын жана кызматкерлердин абийирин жана ар-намысын урматтоого, Гимназиянын кызматкерлеринин талаптарын аткарууга милдеттүү. Гимназиядагы тартип окуучулардын, педагогдордун жана Гимназиянын кызматкерлеринин адамдык ар-намысын урматтоонун негизинде ишке ашырылат.

7.9. Ата-энелер (алардын ордун алмаштыруучу адамдар) төмөндөгүлөргө укуктуу:

- жалпы билим берүү мекемесин жана жалпы билим берүү мекемесиндеги окутуунун формасын тандоого;

- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;

- Жалпы билим берүү мекемесинин Уставы тарабынан белгиленген формада жалпы билим берүү мекемесин башкарууга катышууга.

7.10. Ата-энелер (алардын ордун алмаштыруучу адамдар) Гимназиянын Уставын, анын ичинде алардын укуктары жана милдеттерине тиешелүү жактарын аткарууга жана балдардын билим алуусу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү жана алардын тарбияланyусу үчүн жоопту болууга, Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын принциптерин сактоого милдеттүү.

7.11. Ата-энелердин (алардын ордун алмаштыруучу адамдардын) башка укуктары алардын жана Гимназиянын ортосунда Гимназиянын Уставына ылайык түзүлгөн келишимде бекитилиши мүмкүн.

7.12. Гимназиянын кызматкерлерин топтоо тартиби анын Уставы менен жөнгө салынат. Педагогикалык ишке кызматы жана алган адистиги боюнча квалификациялык мүнөздөмөнүн талаптарына дал келген зарыл болгон педагогикалык квалификацияга ээ болгон, билими тууралуу тастыкталган документтери бар адамдар, ошондой эле атайы билими жок адамдар Гимназиянын Педагогикалык кеңешинин чечими менен - 3 айлык сыноо мөөнөтүнө кабыл алынат.

7.13. Кызматкердин жана Гимназиянын администрациясынын мамилелери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамы менен жөнгө салынат.Эмгек келишиминин аракеттенүү мөөнөтү кызматкер жана жумуш берүүчү тарабынан аны түзүп жаткан учурда Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндөгү мыйзамына ылайык аныкталат.

7.14. Гимназиянын кызматкерлери укуктуу:

- Гимназияны башкарууга Гимназиянын Уставы тарабынан аныкталган тартипте катышууга;

- кесиптик абийир жана ар-намысты коргоого;

- окутуу жана тарбиялоонун ыкмасын эркин тандоого, пайдаланууга жана түзүүгө, окуу китептерин жана материалдарды, окуучунун билимин, тажрыйбасын жана шыгын баалоо ыкмаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана билим берүү тармагындагы башка ченемдик документтерге ылайык тандоого укуктуу;

- кесиптик квалификациясын жогорулатууга;

- кыскартылган жумуш жумалыгына жана акы төлөнүүчү эс алуу өргүүсүн алууга, социалдык кепилдиктерди жана Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген жеңилдиктерди алууга;

- тиешелүү квалификациялык категорияга аттестациядан өтүүгө.

7.15. Мугалимдерге жана башка педагогикалык кызматкерлерге окуу жүгүнүн көлөмү (педагогикалык иш) окуу планы жана программалар боюнча сааттардын санына, кадр менен камсыздалуу жана Гимназиядагы башка шарттарга ылайык белгиленет. Айлык акынын ставкасына сааттардын нормасынан көп же аз болгон окуу жүгүнүн көлөмү (педагогикалык иш) кызматкердин жазуу жүзүндөгү макулдугу же келишим боюнча белгиленет. Жылдын башында белгиленген окуу жүгүнүн көлөмү (педагогикалык иш) окуу жылынын ичинде, окуу планы жана программалар боюнча сааттардын саны азайып, класстардын (топтордун) саны кыскарган учурлардан тышкары администрациянын демилгеси менен азайтылышы мүмкүн эмес.

7.16. Гимназиянын кызматкерлеринин башка категорияларынын укуктары жана милдеттери тиешелүү типтик квалификациялык мүнөздөмөлөр жана Гимназиянын Уставы менен аныкталат.

## VIII. Гимназиянын структурасы

8.1. Гимназиянын структурасы Гимназиянын директору тарабынан коюлган милдеттер жана ушул Уставды эске алуу менен аныкталат, Бишкек шаарынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан бекитилет.

8.2. Кызматкерлердин саны Гимназия тарабынан финансылык ресурстар жана окуучулардын санына жараша өз алдынча аныкталат.

Кызматкерлердин функционалдык милдеттери Директор тарабынан бекитилген ички жоболор менен аныкталат.

## IX. Гимназияны башкаруу

9.1. Гимназияны башкаруу Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамына жана Гимназиянын Уставына ылайык, демократиялуулук, айкындуулук, жалпы адам баалуулуктарынын приоритети, адамдын өмүрүн жана ден соолугун коргоо, адамдын эркин өнүгүү принциптеринин негизинде ишке ашырылат.

9.2. Гимназиянын жогорку башкаруу органы Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы болуп саналат, анын укуктарына Гимназиянын ишмердүүлүгүн координациялоо кирет.

9.3. Гимназияны түздөн-түз жетектөөнү Гимназиянын Уставы тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык аныкталган тартипте дайындалган Директор ишке ашырат.

9.4 Гимназиянын директору:

- педагогикалык жамаатты жетектөөнү ишке ашырат;

-кадрларды туура тандоо жана бөлүштүрүүнү камсыздайт;

- эмгек акы жана кызматкерлерге сыйлык берүү тууралуу ички жобону бекитет;

- эсеп жана финансылык документтерге биринчи кол коюу укугуна ээ;

- бюджеттик жана атайы каражаттар боюнча чыгымдардын сметасын бекитет;

- чыгымдардын сметасын аткаруу жөнүндө Отчетторду жана балансторды бекитет жана кол коёт;

- каражаттарды максаттуу пайдаланууга, Гимназияны чыгымдардын бекитилген сметасына ылайык толук каржылоого көзөмөлдү ишке ашырат;

-идеялык-теориялык деңгээлди жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзөт;

- билим берүүнүн сапаты жана окуучулардын жүрүм-турумуна, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерди колдоо жана уюштурууга көзөмөлдү ишке ашырат.

9.4. Директор Гимназиянын атынан аракеттенет, келишимдерди, анын ичинде эмгек келишимдерин түзөт, банктарда эсептик жана башка эсептерди ачат; бекитилген тартипте штаттарды бекитет, буйруктарды берет жана Гимназиянын кызматкерлери милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон буйруктарды чыгарат, билим берүү башкармалыгынын органдарына Гимназиянын ишинин келечектүү, жылдык жана учурдагы пландарын бекитүү үчүн киргизет.

9.5. Гимназиянын Директору ата-энелер жана мамлекет, коом жана түзүүчүнүн алдында Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамында жана ушул Уставда каралган өзүнүн функционалдык милдеттерине ылайык келишим (макулдашуу) боюнча жеке жоoптуу.

9.6. Гимназиядашы өзүн өзү башкаруунун формалары Гимназиянын педагогикалык, камкорчу кеңештери, эмгек жамаатынын жалпы чогулушу болуп саналат.

9.7. Гимназиянын Камкорчу кеңеши Гимназияны бюджеттен тышкары каржылоого көмөктөшүү жана ага уюштуруучулук, финансылык жана кеңеш берүү жардамын көрсөтүү үчүн түзүлгөн демөөрчүлөрдүн ыктыярдуу уюму болуп саналат. Камкорчу кеңеш башкарууга Гимназияга берилген каражат жана мүлктөрдү колдонуу боюнча чечимдерди кабыл алуу аркылуу катышат.

9.8. Окуу-тарбиялык процессти өнүктүрүү жана жакшыртуу, мугалимдердин жана тарбиячылардын кесиптик чеберчилигин жана чыгармачылык өсүшүн жогорулатуу максаттарында, Гимназияда Педагогикалык кеңеш иштейт, ал – Гимназиянын директору төрагалык кылуучу Гимназиянын педагогикалык кызматкерлерин бириктирип турган жамааттык орган.

Педагогикалык кеңеш:

- Билим берүү, окуу-тарбия иштеринин ыкмалары, формаларын жана аларды ишке ашыруу жолдорун колдоону талкуулайт жана тандоо жүргүзөт;
- Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, алардын чыгармачыл демилгелерин жогорулатуу боюнча ишти уюштурат;
- Окуучуларды кийинки класска көчүрүү, кийинки класска шарттуу көчүрүү тууралуу чечимдерди кабыл алат, ошондой эле ата-энелер (аларжын мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашуу аркылуу аны үй-бүлөлүк билим берүү формасында (ден соолугунун абалына жараша үйдө окутуу) кайтадан окутууга калтыруу чечимин кабыл алат;

Гимназиянын педагогикалык кеңеши директор тарабынан зарылчылыкка жараша чакырылат.

## X.Каржылоонун булактары жана каражаттарды пайдалануу тартиптери

10.1. Гимназиянын финансы каражаттарынын булактары төмөндөгүлөр болуп саналат:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттары;

- башка жеке жана юридикадык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары;

- продукция жана кызматтарды сатуудан алынган, ошондой эле уруксат берилген өз алдынча ишмердүүлүктөн алынган киреше;

- окутуучу акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү үчүн ата-энелерден (алардын ордун алмаштыруучу адамдар) алынган каражаттар;

-эл аралык уюмдардын гранттары;

-Кыргыз Республикасынын мыйзамына карама-каршы келбеген башка булактар.

10.2. Гимназияны мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоо Гимназиянын түрүнө жараша бир окуучуга эсептелген бюджеттик каржылоонун минималдуу стандартынын негизинде жан башына эсептелген норматив боюнча ишке ашырылат.

10.3. Гимназия болгон финансылык каражаттарын өз алдынча башкарат. Гимназия кызматкерлерге "Билим берүү уюмдарынын кызматкерлерине айлык акыны эсептөө тартиби жөнүндөгү" Жобосунун негизинде айлык акынын ставкаларын квалификациялык талаптарга ылайык белгилейт жана эксперттик комиссиянын чечимдеринин негизинде кошумча акы, кошумча төлөм жана түрткү берүүчү мүнөздөгү башка төлөмдөрдүн түрүн жана өлчөмдөрүн эмгек акыны төлөөгө багытталган каражаттардын, ошондой эле штаттык ыраттама жана кызмат милдеттерин бөлүштүрүүнүн чектеринде аныктайт.

## XI. Ушул Уставка өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү

11.1. Ушул Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү эмгек жамаатынын жалпы чогулушу менен кабыл алынат, түзүүчүлөр тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган тартипте катталат.

## XII. Гимназиянын ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүү

12.1. Гимназиянын ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүү ушул Уставда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган тартипте ишке ашырылат.

## XIII. Гимназиянын имердүүлүгүн токтотуу

13.1. Гимназиянын ишмердүүлүгү түзүүчүлөрдүн же соттун чечими боюнча жоюу же кайра уюштуруу (бириктирүү, кошуу, бөлүү, ажыратуу, кайра уюштуруу) түрүндө токтотулушу мүмкүн.

13.2. Эреже катары окуу жылынын аягында ишке ашырылуучу Гимназияны жойгон же кайра уюштурган учурда, түзүүчү окуучуларды алардын ата-энелери (алардын ордун алмаштырган адамдар) менен макулдашуунун негизинде башка билим берүү мекемелерине которуу үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат.

13.3. Жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган тартипте жоюу комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

13.4. Гимназиянын ишмердүүлүк процессинде келип чыккан документтер Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын улуттук архивдик фонду жөнүндө" Мыйзамына ылайык сакталат жана колдонулат.

**Директор /** ______________ **Өмүрзакова Т.**

Текст настоящего документа переведен с русского языка на **кыргызский язык** переводчиком Медетбек кызы Жанаргул

*Переводческое агентство ОсОО "AlfaTranslation"*
Кыргызская Республика, Адрес: г. Бишкек, ул. Калыка Акиева, 66 ТРЦ «Рахат Пэлэс»
Телефон: +996 312 69-08 39, +996 312 89 89 90
www.alfatranslation.kg

**Лицензия № 278 Министерства юстиции КР от 15.05.2007 г.**
**Кыргызская Республика, г. Бишкек**
**Девятое апреля, две тысячи восемнадцатого года**

Я, **Турмалиева Нестан-Дарежан Байысовна,** частный нотариус Ленинского района города Бишкек, свидетельствую подлинность подписи переводившего текст документа **с русского языка на кыргызский язык,** переводчика Медетбек кызы Жанаргул, которая сделана в моем присутствии. Личность подписавшего документ переводчика установлена.

Регистрационный номер 2152

Государственная пошлина составляет 50 сом

Нотариус

Прошнуровано на 29-ти листах